**Эл аралык билим берүү программалары колледжинин котормо иши:англис тили бөлүмүнүн усулдук иштер боюнча кезектеги отурумунун**
**2 -протокол**

Ош шаары. 18.10.2021.

Төрайым: Ахунжанова Ж.И.

Катчы: Исанова Э.М.

Катышкандар:(катышуучулардын тизмеси тиркелет-тиркеме)

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**
**1. Окуу методикалык багыттагы документацияардын, иш кагаздардын абалы: (НКББП, БКФ) (Жооптуу болумдун усулчусу Э.Исанова)**
**2. 2021-2022 окуу жылында жумушка кабыл алынган окутуучулардын кесиптик педагогикалык компетенттуулугун текшеруунун жыйынтыгы.**
**3.Ар түрдүү маселелер.**
**Студеиттердин билим сапатыиа жүргүзүлгои моииториигдин жыйынтыгы. (Жооптуу Аскарбекова С., Медетбек кызы Сезим)**

Кезектеги жыйынды бөлүм башчысы Ахунжанова Ж.И. ачты. Жыйынга бөлүмдүн 23 мүчөсүнөн 19 мүчө катышты, себептүү 4 мүчөсү катышпады. Күн тартибинде каралуучу маселелер бекитилип, регламент такталды,ага ылайык негизги баяндамачыга 7-10 минута,жарыш сөзгө чыгуучуларга 5 минута убакыт берилди.

**УГУЛДУ**:
1. **Окуу методикалык багыттагы документацияардын, иш кагаздардын абалы: (НКББП, БКФ)**

**Биринчи маселе боюнча жооптуу окутуучу Э.Исанова сүйлөдү.**
Окуу методикалык багыттагы документтердин жана иш кагаздардын кандай тартипте уюштурулушу жөнүндө айтып, окуу процессинде жогорудагы документтер билим сапатын жана эффективдуулугун көрсөтөт деп колледждин усулчусу С. Абдуматованын маалыматын жеткирди.
**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**
Ж. Ахунжанова: - окуу жылдын ичинде билим сапатын жакшыртуу жана окутуучулардын сабактардын өтүлүшүнүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу максатында керектүү иш кагаздары үзгүлтүксүз жүргүзүлүп жаткандыгын тастыктап жана ага жооптуу бөлүмдүн усулчусу Э. Исанова дайындалганын айтып өттү.
**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**
1. Э.Исанованын берген маалыматы эске алынсын.

Чечим добушка коюлуп
Макул-19
Каршы-жок
Калыс -жок
Чечим кабыл алынды
**2.2021-2022 окуу жылында жумушка кабыл алынган окутуучулардын кесиптик педагогикалык компетенттүүлүгүн текшерүүнүн жыйынтыгы.**
**УГУЛДУ**:
Экинчи маселе боюнча жооптуу бөлүмдүн башчысы Ж.Ахунжанова- 2021-2022 академиялык окуу жылында «Котормо иши: англис тили» бөлүмүнө 4 окутуучу вваканттык орунга жумушча кабыл алынды. 1 окутуучу бала багуу өргүсүүнөн кайтып келди-

Эгембердиева Кундуз, ал эми Темирбаева Зубайда, Аматкулова Сыргайым, Асилбек кызы Айпери окутуучулары кадрлар бөлүмү тарабынан уюштурулган кесиптик тесттен жана педагогика-психология тестинен өтүп келишти.

**Сөзгө чыкты**

**«Чыгыш тилдери» ПЦКысынын торагасы А.Тухтаматов –**Сентябрь айында жаныдан кабыл алынган окутуучулар учун бөлүмдөрдө ОПОП, предметтик стандарт,багыттардын максаттары жана калыптандыруучу компетенциялар жөнүндө семинар өткөрүүнү сунуштады.

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Ж.Ахунжанованын берген маалыматы эске алынсын.
2. А. Тухтаматовдун берген сунушу эске алынсын.

Чечим добушка коюлуп
Макул-19
Каршы-жок
Калыс -жок
Чечим кабыл алынды

**3.Ар түрдүү маселелер.**

**Студенттердин билим сапатына жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыгы. (Жооптуу Аскарбекова С., Медетбек кызы Сезим)**

Медетбек кызы Сезим- 2021-2022 окуу жылында окууга тапшырган биринчи курстун студенттерине диагостикалык монитринг жургузулду. Студенттерден тест онлайн турнудо Google disk аркылуу алынды. Жалпысынан 9 база 1 курстун 163 студент активдүү катышты. Тест негизинен грамматикалык суроолордон түзүлгөн, жана студенттердин деңгээлине ылайык түзүлдү. Алынган диагностикалык мониторингдин жыйынтыгы менен студенттерди билим деңгээлине карап, эксперименталдык группага студенттерди тандап алдык.

| | |
|---|---|
| Elementary A1 | ***136 -163*** |
| Pre-intermediate A2- | ***21 - 163*** |
| Intermediate B1 | ***6 - 163*** |

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Медетбек кызы Сезимдин берген маалыматы эссе алынсын.

Чечим добушка коюлуп
Макул-19
Каршы-жок
Калыс -жок
Чечим кабыл алынды

**Төрайым:** **Ахунжанова Ж.И.**

**Катчы:** **Исанова Э.М.**

**Эл аралык билим берүү программалары колледжинин котормо иши:англис тили бөлүмүнүн усулдук иштер боюнча кезектеги отурумунун**
**7 -протокол**

Ош шаары 13.06.2022

Төрайым: Ахунжанова Жылдыз

Катчы: Исанова Элмира

Катышкандар: (катышуучулардын тизмеси тиркелет-тиркеме 1)

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**
1. **Бөлүмдогү ПО курамынын окуу методикалык багыттагы иш аракеттеринин сапаты.**
2. **2021-2022 окуу жылындагы методикалык багыттагы иштердин аткарылышына баа берүү**
3. **Ар түрдүү маселелер.**

(Кезектеги жыйынды бөлүм башчысы м.а. А.Тухтаматов ачты. Жыйынга бөлүмдүн 23 мүчөсүнөн 20 мүчө катышты, себептүү 3 катышпады. Күн тартибинде каралуучу маселелер бекитилип, регламент такталды,ага ылайык негизги баяндамачыга 7-10 минута,жарыш сөзгө чыгуучуларга 5 минута убакыт берилди.)

1. **2. Бөлүмдогү ПО курамынын окуу методикалык багыттагы иш аракеттеринин сапаты**.(Жооптуу: Исанова Э.)

**УГУЛДУ:**

**Экинчи маселе боюнча бөлүмдү усулчусу Э. Исанова-** Бөлүмдөгү ПО курамдын окуу методикалык багыттагы иш аракеттери иш планга ылайык жүрүп жатат. Окутуучулар бош убакытында тажрыйбалуу окутуучулардын сабактарына катышып,усул топтоп тажрыйба топтоп жатышат. Бөлүмдө “Устат шакирт” иш планы түзүлүп ошонун негизинде жаш окутуучуларга усулдук жардам өз убагында көрсөтүлүп жатат.

**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**

У. Тургунбаева- өз сөзүндө бөлүмдүн окутуучуларына коллеждин ОМК төрайымы тарабынан да усулдук жардамдар көрсөтүлүп жатат. Ошол менен бирге башка бөлүмдөрдүн окутуучулары менен биргеликте өз ара сабактарга катышуу иштери да өз нугунда жүрүп жатат деп билдирди.

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

Чечим добушка коюлуп
Макул-20
Каршы-жок
Калыс -жок
Чечим кабыл алынды
**Чечим кабыл алынды**

2. **2021-2022 окуу жылындагы методикалык багыттагы иштердин аткарылышына баа берүү.(Жооптуу Э.Исанова)**

**УГУЛДУ**:

**Экинчи маселе боюнча жооптуу бөлүмдүн усулчусу Э.Исанова** – 2021-2022 окуу жылындагы методикалык багыттагы иштердин аткарылышы боюнча жылдык отчет берип өттү.

**Окуу методикалык кенешинин иш планынын аткарылышы боюнча отчёт**

| № | Иштин аталышы | Аткаруу мөөнөтүү | Аткарылгандыгы жонундо белги | Жооптуулар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Дисципплиналар боюнча жумушчу программаларды түзүү, талкуулоо жана бекитүү | Сентябрь-октябрь | окуу-методикалык кенешинин №1-протоколу менен талкууланып, № 2 03.09.2021 бекитилген | Бөлүмдүн окутуучулары |
| 2. | Жаңы кабыл алган 1-курстар менен байланышкан иш чаралар:<br>-1-курс студенттери үчүн адаптациялык жумалыкты уюштуруу;<br>-билим деңгээлин аныктоо үчүн диагностика өткөрүү;<br>- билим күнүн өткөрүү. | Август -сентябрь | -1-курс студенттери үчүн 6.09-10.09 адаптациялык жумалыкты уюштурулду. Студенттер колледж, окутуучулар, куротору менен таанышышты ;<br>-билим деңгээлин аныктоо үчүн диагностика өткөрүлдү;<br>13-сентябрь күнү билим күнүн өткөрүлдү. | 1-курстун кураторлору |
| 3. | Практиканын бардык түрлөрүн уюштуруу жана өткөрүү | Окуу процессинин графиги боюнча | -Окуу процессинин графиги боюнча “Котормо иши” адистиги №4698- О/21. 08.12.2021 буйругунун негизинде кесиптик-базалык практика, №796-О/22.09.03.2022 окуу-таанышуу практика, №1601-О/2228.04.2022 кесиптик-профилдикпрактикасын өтөп келишкен. | Бөлүмдүн Практика жетекчиси Айткулова Ж.Н. |
| 4. | Бүтүрүүчүлөргө тиешелүү жумуштарга даярдык:<br>Бүтүрүүчүлөрдүн тизмесин тактоо;<br>МАКтын курамын бекитүү;<br>МАКтын билеттерин даярдоо;<br>Студенттердин окуу планын толук аткаргандыгы тууралуу жалпы маалымат билдирүү. | Май-июнь | -МАКтын курамын бекитүүгө билдирүү берилген;<br>-МАКтын билеттерин даярдоо процессинде;<br>-Окуу планын аткаргандыгына жана контракттык төлөмдөрүн толук төлөгөндүгүнө байланыштуу адистешүү предметтери боюнча комплекстүү МАКка (мамлекеттик аттестациялык комиссияга) кирүүгө билдирүү берилет | Эркебаева Ж.Ч.<br>Тургунбаева У.<br>Темирбаева З.А. |
| 5. | Лекция, практикалык, лабораториялык сабактарды AVN, КелБилге жүктөө | Жыл бою | Бардык дисциплиналар боюнча материалдар 2021-жылдын сентября жана 2022-жылдын февраль айларында AVN системасына киргизилген. | Бөлүмдүн окутуучулары |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 6. | Квалификация жогорулатуу иштери:<br>-окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу боюнча уюштурулган семинар, тренингдерге катышуу;<br>- окутуучулар үчүн методикалык семинарларды уюштуруу. | Жыл бою | - 24-сентябрь Поурочный план жазуу боюнча жана журналдарга баллдарды тушуруу-*АхунжановаЖылдыз;*<br>15- октябрь, РО лор боюнча ***Г. Рахимбаева*** конок консультант.<br>29- октябрь, Ачык сабактын план иштелмесин жазуу жана модульдун баллдарын градациялоо- ***Ахунжанова Жылдыз;***<br>3- ноябрь ТК боюнча конок консультант ***Амиракулова Б.Ж***.<br>Усулдук семинар "FirstEDU"- ***Алмазбекова Элиза;***<br>***23.12.21 "Англис тилин жана котормо таануу " илимин өнүктүрүү боюнча БУУнун координатору Исмаилов Д.А.***конок семинар;<br>Апрель айында ***Таирова Айсулуу*** НКББП боюнча семинар;<br>20.04.21 Камкордук организациясы менен биргеликте уюштурулган "Өзүн өзү өнүктүрүү" деген конок семинар ***Аскарбекова Сагынгул;***<br>2;3;4-февраль, 2022 - Basic communicative methodology ***TESOL***;<br>Февраль, 2022 - илимий стиль «Макала кантип жазылат» ф.и.к., доцент***Кулубекова А.О.***;<br><br>Кесиптик билим берүүдө компетентуулук мамилеге ылайык окуу-методикалык документтерди иштеп чыгуу жана технологияларды пайдалануу- ***ОшМУнун Сапат департаменти;***<br><br>Сентябрь, 2021- ОМК тузуу жаны кабыл алынган окутуучулар учун;<br>Ноябрьэксперттерди аккредитацияга даярдоо; билим беруу мекеменин документациясы - ***EdNet;*** | Бөлүм башчысы, ПЦК төрайымы, окутуучулар |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **7.** | Ачык сабактардын өтүлүшү | Жыл бою | 04.12.21 Тайирова Айсулуу “Араб тилинин фонетикасы” предмети<br>24.12.21 Тайир к Гулмайрам “Түрк тилинин грамматикасы” предмети;<br>28.12.21 Бекназаров Сабыр “Араб тилинин грамматикасы” предмети;<br>23.03.22 Темирбаева З. “Чет тили ” предмети;<br>14.04.22 Тургунбаева Уулкан “Практикалык фонетика” предмети;<br>Ал эми бекитилген график боюнча төмөнкү окутуучулар:<br>1.Эркебаева Ж.Ч.<br>2. Айткулова Ж.Н.<br>3. Исанова Э.М.<br>4.Эгембердиева К.<br>5.Аматкулова С.<br>6. Алмазбекова Э.<br>7. Муратбек к А.<br>8.Адиева Н.<br>9. Медетбек к С.<br>10. Аскарбекова С.<br>11. Асилбек к А.<br>12. Имадинова Д.<br>13.Кожоева Н.<br>14.Өскөн к Г.<br>15.Аттокур к А.<br>16.Айдарбекова Н.<br>17.Балтабаева А., ачык сабак өтүшкөн жок. | |
| **8.** | Көз карандысыз аккредитациядан өтүүгө “Котормо иши” адистигинин даярдоо | Март-апрель | Котормо иши болумундо жумушчу топтун курамы бекитилди № 2 протокол 10.09.21 | Бөлүм башчысы, ПЦК төрайымы, окутуучулар |
| **9.** | Адистик боюнча НББПларды МББСга шайкен иштеп чыгуу; НББПны оңдоп түзөө, | Жыл бою | Мамлекеттик билим берүү стандарты (МББС) боюнча НББП иштеп чыгарылган | Бөлүм башчысы, ПЦК төрайымы, окутуучулар |

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Котормо иши бөлүмүнүн окуу усулдук кеңеши боюнчажооптуу Исанова Элмиранын берген жылдык отчету эске алынсын;
2. Бекитилген график боюнча ачык сабак өтпөгөн окутуучуларга ооз эки эскертүү берилсин;
3.2022-2023 - окуу жылына окуу-усулдук семинарларды өткөрүү жана уюштуруу бөлүмдүн окутуучуларына жүктөлсүн жана анын аткарылышын көзөмөлдөө окуу-усулдук кеңешине жооптуу Исанова Элмира жана ПЦК төрайымы Эгембердиева Кундузга жүктөлсүн;
4. 2021-2022- окуу жылында усулдук семинарларды уюштурган төмөнкү окутуучуларга ыраазычылык билдирилсин:
1. Ахунжанова Ж.И., Тухтаматов А.С., Алмазбекова Э.,Таирова Айсулуу., Аскарбекова С.

**Чечим добушка коюлуп**

Макул-20
Каршы-жок
Калыс -жок

Чечим кабыл алынды

**3.Ар түрдүү маселелер**

Ар түрдүү маселелер боюнча бөлүм башчысы ю.и.к., доцент А. Орозбаева аккредитацияга даярдыкты күчөтүү иштерин жүргүзүүнү, окутуучуларга дайындады.

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

Чечим добушка коюлуп
Макул-20
Каршы-жок
Калыс-жок
Чечим кабыл алынды

**Төрайым:** Ахунжанова Ж.И.

**Катчы:** Исанова Э.М.

**Эл аралык билим берүү программалары колледжииии котормо иши:англис тили болүмүнүн усулдук иштер боюнча кезектеги отурумунун**
**1 -протокол**

Ош шаары. 20.09.2021.

Төрайым: Ахунжанова Ж.И.

Катчы: Исанова Э.М.

Катышкандар:(катышуучулардын тизмеси тиркелет-тиркеме)

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

**1. 2021-2022 окуу жылында окуу методикалык багыттагы аткаруучу иштердин планы.**
**2. Өздүк баалоо процедурасын өткорүүгө даярдоо жумуштары.**
**3.Студенттердин билим сапатын диагностикалоо жана ага тиешелүү иштерди уюштуруу.**
**4. Ар түрдүү маселелер**

Кезектеги жыйынды бөлүм башчысы Ахунжанова Ж.И. ачты. Жыйынга бөлүмдүн 23 мүчөсүнөн 19 мүчө катышты, себептүү 4 мүчөсү катышпады. Күн тартибинде каралуучу маселелер бекитилип, регламент такталды,ага ылайык негизги баяндамачыга 7-10 минута,жарыш сөзгө чыгуучуларга 5 минута убакыт берилди.

**1. 2021-2022 окуу жылында окуу методикалык багыттагы аткаруучу иштердин планы.**

**УГУЛДУ:**
Биринчи маселе боюнча окуу-усулдук иштер боюнча жооптуу окутуучу Исанова Элмира сүйлөдү-Бөлүмдөгү бардык окутуучулар ар бири өзүнө тиешелүү дисциплиналардан окуу-методикалык комплекстерин текшерүүгө беришкен, текшерип чыгып катачылыктары бар окутуучуларды кайрадан өзгөртүү, толуктоолорду киргизүү иштерине сунуштарымды бердим.Андан сыркары жыйындын мүчөлөрүн бөлүмдөгү бардык дисциплиналардын окуу-методикалык комплекстери менен тааныштырды.
**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**
Бөлүм башчысы Ж.Ахунжанова: окутуучулардын окуу- методикалык комплекстери ОшМУнун 2019-ж. 19-бюллетенинин негизинде гана талаптарга ылайык түзүлүүсү зарылдыгын белгилейм жана текшерүүдөн өткөн келбилге, ОшМУнун билим курамындагы силлабустарды берүү порталына тез арада жүктөөнү тапшырма берем. Окуу-методикалык комплекстердеги күтүлүүчүнатыйжалар,компетенциялар адистиктин акыркы ирет жаныланган юридикалык күчкө ээ НКББП га дал келүүсүнө өзгөчө маани берүүнү эскертем.Окутуучулардын жекече иш пландары толук толтурулуп жана ал тарабынан текшерилип буткондүгүн айтып, окутуучуларга жекече иш планда пландаштырылган иштерди өз убагында аткарууларын тапшырды.
**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**
1.Окутуучулардын тиешелүү дисциплиналар боюнча түзгөн ОМКлар айрым кемчиликтерди эске алуу менен бекитилсин.
2.Окутуучулардын жекече иш пландары бекитилсин.
3. Жекече иш пландарды аткаруу иштери окутуучуларга милдеттендирилсин.
Чечим добушка коюлуп

Макул-19
Каршы-жок
Калыс-жок
Чечим кабыл алынды

**2. Өздүк баалоо процедурасын өткөрүүгө даярдоо жумуштары.**

**УГУЛДУ:**

Экинчи маселе боюнча бөлүмдүн усулчусу Э.Исанова сөзгө чыкты. Өздүк баалоо процедурасын өткөрүүгө даярдоо жумуштары болуп,өз ара сабактарга катышуу, ачык сабактарды өтүүнү жана ички семинар конференцияларды уюштуруу иштери бекитилген графике ылайык өз убагында өтүлүшүн айтып өттү.

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

Чечим добушка коюлуп
Макул-19
Каршы- жок
Калыс-жок
Чечим кабыл алынды

**3.Студенттердин билим сапатын диагностикалоо жана ага тиешелүү иштерди уюштуруу.**

**УГУЛДУ:**

Үчүнчү маселе боюнча бөлүмдун усулчусу Э. Исанова сөзгө чыкты- Студенттер учун билимин өркүндөтүү жана алган билимин практикада колдонууда кошумча кружоктордун орду чон экендигин айтып өтүү. Окуу жылы башында студеттерден алынган диагностикалык мониторингдин жыйынтыгы менен да ар бир окутуучу таанышып, жетишуусу начар студенттер менен өз алдынча иш алып баруу айтылды.

**Сөзго чыкты:**

Чыгыш тилдери ПЦКсынын төрагасы А. Тухтаматов- билим сапатын диагностикалоо боюнча тести окутуучулар тарабынан даярдалып,жыйынтыгын ар бир тайпанын кураторлору да көмөктөшсө жакшы болоор эле деп сунуш берди.

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Окутуучу Э. Исанованын берген маалыматтары эске алынсын.
2. А. Тухтаматовдун сунушу эске алынсын.

Чечим добушка коюлуп
Макул-19
Каршы-жок
Калыс-жок
Чечим кабыл алынды

**4.Ар түрдүү маселелер**.

**Кайтарым байланышты байланышты талкуулоо, жаны усулдарды кийирүү боюнча**

**УГУЛДУ:**

Бөлүм башчысы Ж.Ахунжанова: негизинен окутуу ыкмаларын тандоодо төмөндөгүдөй принциптер жетекчиликке илимийлүүлүк, көрсөтмөлүүлүк, активдүүлүк, адилеттүүлүк, сезимдүүлүк, студенттердин жеке өнүгүүсү, академиялык чынчылдык.

Окутуучу кайтарым байланыштын натыйжасында төмөндөгүлөр жөнүндө маалымат алууга жетишүүдө:

1. Студенте лекциянын, семинардык сабактын, модулдун же бүтүндөй курстун темасы боюнча материалды канчалык деңгээлде өздөштүрүшкон;
2. Студенттер материалды өздөштүрүүнүн жүрүшүндө кандай кыйынчылыктарга дуушар болушту;
3. Окутуучу курска студенттин канааттануу даражасы кандай;
4. Курстун программасы программасы канчалык актуалдуу, мазмундуу жана кызыктуу;
5. Окутууда колдонгон окутуу стратегиялары жана ыкмалары канчалык натыйжалуу;

6. Курсту натыйжалуу уюштуруу боюнча студенттер тарабынан алынган сунуштар.
Окутуу ыкмаларын тандоодо төмөндөгүдөй принципттер жетекчиликке алынат: илимийлүүлүк, көрсөтмөлүүлүк, активдуулук, адилеттүүлүк, ан сезимдүүлүк, студенттердин жеке өнүгүүсү, академиялык чынчылдык.
Натыйжада билим берүүнүн "денгээлдик тапшырма", "көйгөйлүү окутуу" "маселе түзүү жана чечүү" сыяктуу формаларын сабактарда колдонуу ишке ашырылды. Ошондой эле окутууда түрдүү тиркемелерди өздөштүрүү, ар бир семинар, практикалык сабактарда студенттердин билимин баалоонун (офлайн онлайн)А. Блумдун таксономиясына ылайык деңгээлдик тапшырмалар менен иштөө реалдуу баалоону камсыздайт
Урматтуу коллегалар сиздер дагы кайтарым байланыштын эффективдуу формаларын сунуштайсыздар.

**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**

**У.Тургунбаева**: Кайтарым байланышты жүргүзүү максатында формалдуу эмес сурамжылоо октуучулар тарабынан активдүү колдонулуп келүүдө. Формалдуу эмес сурамжылоо лекциялык жана семинардык сабактарда, аралык текшерүнүн аягында колдонулат. Анда төмөндөгүдөй суроолор берилип, студенттер анонимдүү түрдө жооп жазышат.
Суроолор: Сабакта өтүлгөн материалдын эн керектүүсү, маанилүсү деп эмнени таптыныз? Курсту мыкты уюштуруу боюнча сын-пикирлериниз, сунуштарыныз барбы? ж.б.
Студенттердин пикирлеринин негизинде окутуучу сабактарын аларга керектүү, зарыл болгон маалыматтарды берүүгө жетишет. Мен мисалы окуткан предметтерден студенттерден анонимдуу турдо отзыв комментарий сыяктуу жаздырып алып турам. Педагогикалык усулдарды, билим берүүнүн формаларын жана технологияларын баалоо жана түзөтүү боюнча ПЦКнын отурумунда каралып, кабыл алынган. Педагогикалык жанычыл усулдарды колдонуу менен студенттерди өз алдынча изденүүгө жана сабактарга активдуу катышууга, жанычыл ойлонууга жанаокутуунун натыйжаларына жетүүгө, баалоодо деңгээлдик тапшырмаларды түзүүнү өздөштүрүүдө алгылыктуу натыйжалар болду.

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Окутуучулардын пикирлери эске алынсын.
2. ПЦКнын ар бир окутуучусуна кайтарым байланышты тактоо жана жаңы усулдарды кийирүү милдеттендирилсин.

Чечим добушка коюлуп
Макул-19
Каршы-жок
Калыс -жок
Чечим кабыл алынды

**Төрайым:** Ахунжанова Ж.И.

**Катчы:** Исанова Э.М.

**Эл аралык билим берүү программалары колледжинин котормо иши:англис тили болүмүнүн усулдук иштер боюнча кезектеги отурумунун**
**5 -протокол**

Ош шаары 14.03.2022

Төрайым: Ахунжанова Жылдыз

Катчы: Исанова Элмира

Катышкандар:. (катышуучулардын тизмеси тиркелет-тиркеме 1)

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**
**1. Аралык текшерүүнүн материалдарын талкулоо** (жооптуу: Э.Исанова, окутуучулар)
**2. Бүтүрүүчүлөрдүн билимдерин жана кондүмдөрүн баалоо материалдарынын сапаты, МАК суроолорун даярдоо** (жооптуу: Тургунбаева У.)
**3. З. Темирбаеванын ачык сабагына анализ берүү.**
Кезектеги жыйынды бөлүм башчысы бөлүм башчы Ж.И.Ахунжанова ачты. Жыйынга бөлүмдүн 23 мүчөсүнөн 22 мүчө катышты, себептүү 1 мүчөсү катышпады. Күн тартибинде каралуучу маселелер бекитилип, регламент такталды,ага ылайык негизги баяндамачыга 7-10 минута, жарыш сөзгө чыгуучуларга 5 минута убакыт берилди.
**1. Аралык текшерүүнүн материалдарын талкулоо** (жооптуу: Э.Исанова, окутуучулар)
**УГУЛДУ:**
1-маселе боюнча бөлүмдүн усулчусу Э. Исанова сүйлөөдү.2021-2022 окуу жылынын II семестри боюнча алына турган аралык текшерүүнүн материалдарын даярдап, талапка ылайык 5 варианттан турган суроо-тест түзүү керектигин айтты. Ар бириниздер сессия учурунда ж.б.учурларда дагы бул талапты унутпай студенттердин билим деңгээлине басым жасаныздар. Окутуучулар экзамендик тест, билеттерди толуктап даярдашкан.
**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**
**Адиева Н.-** чындыгында модулда студенттердин билим денгээлине карап баалап, коррупцияга жол бербөө керекпиз.Бул маселе биздин окуу жайда эле эмес, мамлекеттик денгээлде айтылып, иштер жүргүзүлүп жатат.
**Таирова А. -** коррупция жок болгон учурда гана чыныгы билим сапаты болот деп ойлойм. Мен бөлүм башчынын сөзүнө кошуламын.Студенттердин билим денгээлине ылайык баалай алатын.

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**
1. Бөлүмдүн усулчусу Э.Исанованын билдирүүсү эскеалынсын.
2. Коррупцияга жол бербөө ар бир окутуучуга эскертилсин, көзөмөлдөө жагы бөлүм башчысына жүктөлсүн.

Чечим добушка коюлуп
Макул-22
Каршы-жок
Калыс-жок
Чечим кабыл алынды

**2. Бүтүрүүчүлордүн билимдерин жана көндүмдөрүн баалоо материалдарынын сапаты, МАК суроолорун даярдоо** (жооптуу: Тургунбаева У.)
**УГУЛДУ:**

**Тургунбаева У.** окуу бөлүмүнүн бүтүрүүчү курстары үчүн МАКтын суроолорун талкуулоо жана бекитүү маселеси каралат. 050720 "Котормочу" адистигинде стандартка ылайык комплекстүү мамлекеттик аттестация болот. "Котормочу" адистигинн билеттериндеги суроолор негизинен "Теориялык фонетика", "НЧПК", "Котормонун жазма практикасы", дисциплиналарынан программасы түзүлгөн.. Анда
НКББПдагы көрсөтүлгөн 5 окутуунун натыйжалары камтылган. Суроолор талапка ылайык Блумдун таксономиясына ылайык түзүлгөн. Алар:Колдонуу;Анализ;Синтез;Баалоо.
Билетте 3 тапшырма берилген, 3су ооз эки сүйлөө тапырмасы.
Ар бир дисциплина боюнча тиешелүү окутуучулар тапшырмаларды түзүп чыгышкан.

**ЧЫГЫП СҮЙЛӨДҮ:**

Исанова Э. - мен жана Муратбек кызы Аксаамай кыргыз группаларында жана орус группаларында "НЧПК" предметин окуттук. Экөөбүз биргеликте карап чыктык. Тапшырмалар Блум таксономиясынын негизинде түзүлдү.
Ар бир окутуучу МАнын суроолорун жана тапшырмаларын түзүп бергенден кийин талкууланып, кайрадан ондолуп киргизилди.

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Окутуучулардын билдирүүлөрү эске алынсын.
2. МАКка жооптуу У.Тургунбаеванын билдирүүсү эске алынсын.

Чечим добушка коюлуп
Макул-22
Каршы-жок
Калыс -жок
Чечим кабыл алынды

**3. З. Темирбаеванын ачык сабагына анализ берүү.**(Жооптуу Темирбаева З.)- Өз сөзүндө бекитилген график боюнча “Чет тили” предметинен ачык сабак өттүм. Сабактын башталышында сабактын максатын койгонмун жана ошол эле учурда сабактын аягында максатыма жеттим деп ойлойм. Себеби студенттер берилген тапшырмаларды жакшы аткарып жатты. Студенттерге сабак учурунда таркатма материалдар таркатылды жана студенттерди топто иштеттим.

**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**

**Э. Исанова** – Темирбаева Зубайда эжекенин сабагы абдан жандуу болду.Сабак учурунда студенттер өздөрүн ээн эркин алып жүрүштү жана берилген тапшырмаларды так аткара алышты. Сабак учурунда интерактивдүү усул колдонулду. Окутуучунун кесиптик тажрыйбаса жакшы.

**Адиева Н.** – Сабактын максаты коюлду жана студенттерди сабакка тарта билди. Сабак учурунда студенттер активдүү катышты. Топто иштөө болду.
Жогорку пикирлерди эске алуу менен төмөндөгүдөй токтом кылынды.

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

**1.** Окутуучу З. Темирбаеванын ачык сабагы канаатандыраарлык деп табылсын.

Чечим добушка коюлуп
Макул-22
Каршы-жок
Калыс-жок
Чечим кабыл алынды

**Төрайым:** **Ахунжанова Ж.И.**

**Катчы:** **Исанова Э.М.**

**Эл аралык билим берүү программалары колледжинин котормо иши:англис тили бөлүмүнүн усулдук иштер боюнча кезектеги отурумунун**
**6 -протокөл**

Ош шаары 18.04.2022
Төрага: Тухтаматов Азамат
Катчы: Исанова Элмира

Катышкандар: (катышуучулардын тизмеси тиркелет-тиркеме 1)

**Күн тартибинде каралуучу маселелер**:
1. **НКББПнын түзүлүштөрүнө анализ , ББС ички баа берүүгө карата ички жана сырткы стейхолдерлер (студенттер, окутуучулар,жумуш берүүчүлөр ж.б.)үчүн жүргүзүлүүчү анкетаны талкулоо.(Жооптуу Айткулова Ж.)**
2. **У. Тургунбаеванын ачык сабагына анализ берүү.**

( Кезектеги жыйынды бөлүм башчысы м.а. А.Тухтаматов ачты. Жыйынга бөлүмдүн 23 мүчөсүнөн 20 мүчө катышты, себептүү 3 катышпады. Күн тартибинде каралуучу маселелер бекитилип, регламент такталды,ага ылайык негизги баяндамачыга 7-10 минута,жарыш сөзгө чыгуучуларга 5 минута убакыт берилди.)

1. **НКББПнын түзүлүштөрүнө анализ , ББС ички баа берүүгө карата ички жана сырткы стейхолдерлер (студенттер, окутуучулар,жумуш берүүчүлор ж.б.)үчүн жүргүзүлүүчү анкетаны талкулоо. (Жооптуу Айткулова Ж.)**

**УГУЛДУ:**
**Биринчи маселе боюнча бөлүмдү практика жетекчиси Ж. Айткулова** сөзгө чыкты- ар бир окуу жылында кеминде бир жолу жумуш берүүчүлөр менен жолугуушу уюштуруларын айтып өттү жана алардын сунуш талаптарын билүү максатында сурамжылоо жана анкета алынат деп баса белгиледи. Анкетанын суроолору 5 суроодон ашпаган жана кем эмес тартипте түзүлүшү керектигин айтты. Билим берүүнүн сапатына анализ алуу үчүн да бизге ата энелердин жана бүтүрүүчү курстардын сунуш пикирлери маанилүү экендигин айтып өттү. Стейхолдерлер менен жолугушууну 26-апрель күнүнө өткөрүүнү сунуштады.
**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**
**Чыгыш тилдери ПЦКсынын төрагасы А. Тухтаматөв –** Бөлүмдүн деңгээлинде уюштурулуп жаткан иш чара болгондуктан НКББПны ар бир окутуучу карап чыгуусун айтып өттү. Ошол менен бирге күтүлүүчү натыйжаларды да ортого салып талкууга коюшубуз керек деп белгиледи.
**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**
1. Ж.Айткулованын жана А.Тухтаматовдун сунушу эске алынсын.

Чечим добушка коюлуп
Макул-20
Каршы-жок
Калыс-жок
Чечим кабыл алынды

**2.У.Тургунбаеванын ачык сабагына анализ берүү.**(Жооптуу Тургунбаева У.)
**УГУЛДУ:-**Өз сөзүндө бекитилген график боюнча “Практикалык фонетика” предметинен ачык сабак өттүм. Сабактын башталышында сабактын максатын койгонмун жана ошол эле учурда сабактын аягында максатыма жеттим деп ойлойм. Себеби студенттер берилген

тапшырмаларды жакшы аткарып жатты. Студенттерге сабак учурунда таркатма материалдар таркатылды жана студенттерди топто иштеттим.

**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**

**Э. Исанова** – Тургунбаева Уулкүл эжекенин сабагы абдан жандуу болду.Сабак учурунда студенттер өздөрүн ээн эркин алып жүрүштү жана берилген тапшырмаларды так аткара алышты. Сабак учурунда интерактивдүү усул колдонулду. Окутуучунун кесиптик тажрыйбаса жакшы.

**Ж. Айткулова** – Сабактын максаты коюлду жана студенттерди сабакка тарта билди. Сабак учурунда студенттер активдүү катышты. Топто иштөө болду.

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

**1.** Окутуучу У.Тургунбаеванын ачык сабагы канаатандыраарлык деп табылсын.

Чечим добушка коюлуп

Макул-20

Каршы-жок

Калыс-жок

Чечим кабыл алынды

**Төрайым:** **Ахунжанова Ж.И.**

**Катчы:** **Исанова Э.М.**

**Эл аралык билим берүү программалары колледжииин котормо иши:англис тили бөлүмүнүн усулдук иштер боюнча кезектеги отурумунун**
**4 -протокол**

Ош шаары 21.02.2022

Төрайым: Ахунжанова Жылдыз

Катчы: Исанова Элмира

Катышкандар:. (катышуучулардын тизмеси тиркелет-тиркеме 1)

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

**1. Бөлүмдөгү ПО курамынын окуу методикалык багыттагы иш аракеттеринин сапаты.** (Жооптуу: Исанова Э.)
**2. 1 курстун студенттеринин билим сапатына көзөмөлдөө, баалоо жана мониторинг жүргүзүү** (Жооптуулар: Предметтик окутуучулар)

Кезектеги жыйынды бөлүм башчысы Ж.И.Ахунжанова ачты. Жыйынга бөлүмдүн 23 мүчөсүнөн 22 мүчө катышты, себептүү 1 мүчөсү катышпады.Күн тартибинде каралуучу маселелер бекитилип, регламент тактальды,ага ылайык негизги баяндамачыга 7-10 минута,жарыш сөзгө чыгуучуларга 5 минута убакыт берилди.
**1. Болүмдөгү ПО курамынын окуу методикалык багыттагы иш аракеттеринин сапаты.** (Жооптуу: Исанова Э.)
**УГУЛДУ**:
Биринчи маселе боюнча жооптуу окутуучу Исанова Элмира сүйлөдү.
2021-2022 окуу жылындагы окутуучуларына методикалык багыттагы жардам көрсөтүү максатында “Котормо иши: англис тили” бөлдүмүндө ар бир окутуучудан бирден усулдук семинар аттуу проектти ишке ашырганбыз жана ар бир тажрыйбалуу окутуучуга бекитилген, ошол темалар боюнча бөлүмдүн окутуучуларына өтүлүп жатат. 2-3-4 февраль айында бөлүмдүн окутуучулары KG TESOL тарабынан уюштурулган 36 сааттык ***“Basic communicative methodology course”*** сертификатына ээ болушту жана Сапат билим берүү департаменти тарабынан уюштурулган семинарга да окутуучулар катышып, сертификаттарга ээ болушту. “First EDU” усулдук семинарын Алмазбекова Элиза өттү.Ошондой эле “Макала кантип жазылат” аттуу конок лекциялар уюштурулуп окутуучулар активдүү катышышты.
**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**
Бөлүм башчы Ж. Ахунжанова- өз сөзүндө бөлүмдө аткарылып жаткан ар бир иш аракеттер жалпы окутуучуларга методикалык жардам көрсөтүү максатында уюштурулуп жаткандыгын белгилеп өттү.
**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**
1. Исанова Элмиранын берген маалыматы канааттандыраарлык деп белгиленсин

Чечим добушка коюлуп
Макул-22
Каршы-жок
Калыс-жок
Чечим кабыл алынды
**2. Предмет боюнча студенттердин катышуу-жетншүүсүнө мониторинг жүргүзүү.** (Жооптуулар: Предметтик окутуучулар)
**УГУЛДУ**:

**Экинчи маселе боюнча жооптуу Н. Адиева-** "Котормо иши" бөлүмүнүн студенттеринин катышуусу жана сабактарга болгон жетишүүсү боюнча жалпы маалымат айта кетти. Ошол менен бирге кышкы сессиянын жыйынтыгы менен студенттердин сабактарга болгон жетишүүлөрүн көрүп жатабыз. Сабактарга өз убагында келбеген студенттер жайкы мектепке калып ар бир предметке кредит төлөө менен жайкы сессия менен биргеликте окууларын аяктайт.

**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**

**Э.Исанова-** Жалпы студенттердин сабактарга болгон жетишүүсү негизинен ар бир семестрдин аягында байкалат. Өздөтүрүүсү начар студенттер менен иш алып баруу маанилүү экендигин баса белгилеп өттү. Биздин бөлүмдө кошумча сабактар уюштурулган анын жетекчиси Асилбек кызы Айпери . Ийрим учурунда сабактарга жетише албаган студенттерге окутуучулар тарабынан жардам көрсөтүлөт.

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

Чечим добушка коюлуп
Макул-22
Каршы-жок
Калыс-жок
Чечим кабыл алынды

**Төрайым:** Ахунжанова Ж.И.

**Катчы:** Исанова Э.М.

**Эл аралык билим берүү программалары колледжинин котормо иши:англис тили бөлүмүнүн усулдук иштер боюнча кезектеги отурумунун**
**3 -протокол**

Ош шаары
22.11.2021

Төрайым: Ахунжанова Жылдыз

Катчы: Исанова Элмира
Катышкандар:. (катышуучулардын тизмеси тиркелет-тиркеме 1)
**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**
**1. Болүмдо оз ара сабактарга катышуунун абалы, тажрыйба алмашуу, окуу процессиндеги компетентүүлүк мамиленин жолго коюлушу.** (Жооптуу:Исанова Э.М., окутуучулар)
**2. ПО квалификациясын жогорулатуу максатында семинар уюштуру.**
Исанова Э.М.)
**3.Болүмдо учурдук, аралык текшерүүнүн суроолорун талкуулоо.** (Жооптуу: Исанова Э.М. жана окутуучулар)
Кезектеги жыйынды бөлүм башчысы Ахунжанова Ж.И. ачты. Жыйынга бөлүмдүн 23 мүчөсүнөн 19 мүчө катышты, себептүү 4 мүчөсү катышпады. Күн тартибинде каралуучу маселелер бекитилип, регламент такталды,ага ылайык негизги баяндамачыга 7-10 минута,жарыш сөзгө чыгуучуларга 5 минута убакыт берилди.
**1. Болүмдө оз ара сабактарга катышуунун абалы, тажрыйба алмашуу, окуу процессиндеги компетентүүлүк мамиленин жолго коюлушу.** (Жооптуу:Исанова Э.М., окутуучулар)
**УГУЛДУ:**
**Биринчи маселе боюнча жооптуу окутуучу Э. Исанова -** өз сөзүндө өз ара сабактарага катышуунун абалы боюнча маалымат берип өттү. Жалпысынан ар бир окутуучу кеминде 10 сабакка катышуусу керектигин айтты. Өз ара сабактарга катышуунун натыйжасында дисциплинанын, анын ар бир темасынын мазмуна окутуучунун күтүлүүчү натыйжаларына туура багытталышы, дал келүүсү керекигин айтып өттү. Жаш окутуучулар бекитилген график боюнча тажрыйбалуу окутуучулардын сабактарына катышуу менен бирге тажрыйба топтоп усулдарды үйрөнүп чыгууга мүмкүнчүлүк түзүлөөрүн айтты.
**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**
**Таирова А.** -Негизинен өз ара сабактарга катышуу жаш окутуучуларга пайдалуу экендигин билдирди.сабак учурунда усул алмашуу,тажрыйба топтоп сабак өткөн окутуучунун сабагына анлиз юерилиш керектигин белгилеп өттү.
**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**
1. Исанова элмиранын берген маалыматы эске алынсын.
Чечим добушка коюлуп
Макул-19
Каршы-жок
Калыс-жок
Чечим кабыл алынды
**2. ПО квалификациясын жогорулатуу максатында семинар уюштуруу.**
**УГУЛДУ**:
Экинчи маселе боюнча жооптуу окутуучу Э. Исанова -Котормо иши англис тили бөлүмүндө ПО курамдын квалификациясын жогорулатуу максатында бөлүмдө усулдук семинарлар уюштурулганын айтып өттү.“Ар бир окутуучудан бирден усулдук семинар” атту проекттин негизинде усулдук семианрлар. Окуу жылынын башында 24-сентябрь күнү

бөлүм башчы тарабынан жаш окутуучуларга "Баллдарды градациялоо, ТК" боюнча усулдук семинар өтүп берген.15-октябрь күнү ОН боюнча Чет тили бөлүмүнүн бөлүм башчысы Г.Р. Абдуллаевна тарабынан семинар уюштурулган.3-ноябрь күнү ТК боюнча конок семинар Амиракулова Батма эжеке тарабынан уюштурулду. Ошол менен бирге ар бир окутуучу колледждин деңгээлинде уюштурулуп жаткан илимий, усулдук семинарларга активдүү катышып , өз билимдерин жогорулатып жатышат.4-ноябрь күнү Эксперттерди аккредитацияга даярдоо максатында "EdNet" тарабынан уюштурулган семинарга катышып келишти.

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1.Э.Исанованын берген маалыматы эске алынсын.
Макул-19
Каршы-жок
Калыс-жок
Чечим кабыл алынды

**3.Бөлүмдө учурдук, аралык текшерүүнүн суроолорун талкуулоо. (**Жооптуу: Исанова Э.М. жана окутуучулар)

Үчүнчү маселе боюнча жооптуу окутуучу Э. Исанова сүйлөдү**-2021-2022** окуу жылынын күзгү семестриндеги аралык текшерүүнүн жана жыйынтыктоочу материалдарын талкуулоо жана бөлүмдүн кезектеги отурумунда бекитүү керектигин сунуштады. Ар бир окутуучу өзүнүн сабагынан кеминде 3 варианттан турган тест түзүү керектигин жана суроолор деңгээлге карап түзүлүшүн белгилеп өттү. негизинен аралык текшерүүлөр, окутуучулардын дисциплинасынын ОМК сына БКФ көрсөтүлгөн тартипте алынат.ал эми салттуу түрдөгү студенттердин билимин баалоо үчүн көпчүлүк учурда үч түрдө бааланат:

1.Өтүлгөн темалар боюнча суроолор түзүлүп биринчи модуль оозеки алынат.
2. Жалпы лекциялык сабактар өтүлүп бүткөндөн кийин текшерүү иш алынат.
3. Сынакта тиешелүү предметтер боюнча суроолордон турган тест алынат.

Андагы суроолор Блумдун таксономиясына ылайык түзүлүп денгээлдерге бөлүнөт,баалоо критерийлери менен бааланат.

**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**

**Бөлүм башчы Ж. Ахунжанова:-** Ар бир окутуучу белгиленген графикке чейин материалдарды даярдап келиши керектигин айтып өттү.

**Тургунбаева У.:** - учурдагы текшерүү жазуу түрүндө аламын, студенттер өз алдынча иштеп, берилген тапшырмаларды аткаргандарына байланыштуу, тиешелүү баллдарды ала алышат. Ал эми аралык текшерүүдө-текшерүү иши, тест түрүндө алынат. Суроолор денгээлдерге бөлүнө элек. Тесттик текшерүү ишинин суроолорун деңгээлдерге бөлүп, иштеп чыгышым керек. Модулдар текшерүү иши менен алынат, экзаменди тест менен аламын.

**Адиева Н.-** сабактарымдан биринчи модуль жана экинчи модулдарды тесттик суроолордун негизинде аламын. Жыйынтыктоочу көзөмөлдү экзамендик суроолордун негизинде гана тузуп ошол боюнча аламын.

**Медетбек кызы Сезим-** биринчи модуль оозеки жана жазуу түрүндө, ал эми экинчи модулдар болсо студенттерден СӨАИлер алынып, ошондой эле экинчи модуль 2 вариант менен СӨАИ жана атайын предметтин негизинде түзүлгүн тесттер менен гана аламын

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Учурдагы аралык текшерүүнүн, экзамендин материалдардын сапаты канаттандырарлык деп табылсын.
2. Учурдагы аралык текшерүүнүн, экзамендин материалдардын сапатын жогорулатуу окутуучуларга милдеттендирилсин.

**Төрайым:** **Ахунжанова Ж.И.**

**Катчы:** **Исанова Э.**